# Күйгөндөр

с.Жолдошбек Бүзурманкулов

о.Туратбек Дүйшеев

Сулуусу сенсиң изгинин

Сүйүшсөк тыйды бизди ким

Суу бойлоп жетип келсем дейм

Сур аттын жыйбай тизгинин

Гүл сымал жүзүң албырып

Күлгөнүң жүрөк талдырып

Күүгүмдө келсем айлыңа

Гүлсары жорго салдырып

Апапак жүзүң албырып

Аптыгам жүрөк талдырып

Айлыңа каттап турсам дейм

Ак боз ат жорго салдырып

Көркөмүң моокум кандырып

Карасам көздү талдырып

Каттагым келет айлыңа

Карагер жорго салдырып